КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) XXIV сессиясы**

**Токтом № 108**

Сүлүктү шаары 05.04. 2023ж

**Сүлүктү шаарынын социалдык – экономикалык жактан өнүктүрүүнүн жана калкты социалдык жактан коргоо программасынын 2022-жылга аткарылуусу жөнүндө**

Сүлүктү шаарынын социалдык – экономикалык жактан өнүктүрүүнүн жана калкты социалдык жактан коргоо программасынын 2022-жылга аткарылуусу жөнүндө маалыматты угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамынын 34,45,48 беренелеринин негизинде депутаттардын Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаарынын социалдык – экономикалык жактан өнүктүрүүнүн жана калкты социалдык жактан коргоо программасынын 2022-жылга аткарылуусу канааттандырарлык эмес деп эсептелсин.
2. Сүлүктү шарынын мэри Б.Ш. Абдыжапаровго:

- жумушка киришкен мезгилден баштап 3 айдын ичинде Сүлүктү шаарынын социалдык – экономикалык жактан өнүктүрүүнүн жана калкты социалдык жактан коргоо программасын иштеп чыгуу жана шаардык кеңешке бекитүүгө сунуштоо;
- шаардын жашоо тиричилигин камсыз кылуу системасынын иштешин жана өнүгүшүн, калкка социалдык жана маданий тейлөө кызматтарын көрсөтүүнү уюштуруу;
- шаарды өнүктүрүү үчүн инвестицияларды жана гранттарды тартуу;
- жаңы жумуш орундарын түзүү боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу;
- шаардын карамагындагы жерлерди жана муниципалдык менчиктин объекттерин сарамжалдуу пайдаланууну камсыз кылуу;
- шаардын турак жай фондун, турак жай-коммуналдык чарбасын өнүктүрүү боюнча иш алып баруу;
- мыйзамга ылайык архитектура жана шаар куруу ченемдери менен эрежелеринин сакталышына көзөмөл кылуу;
- жаратылыш кырсыктарынын, өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана алардын кесепеттерин жоюу боюнча мобилизациялык жана уюштуруу чараларын ишке ашыруу;
- коррупцияга каршы күрөшүү жана коррупциянын алдын алуу боюнча иш алып баруу;
- шаардын калкын таза суу менен камсыз кылуу жана сапатын жакшыртуу боюнча иш алып баруу;

Шаардын аймагында коомдук коопсуздукту камсыз кылуу боюнча тийиштүү органдар менен тыгыз иш алып баруу жагы милдеттендирилсин.

Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы шаардын мэри Б.Ш. Абдыжапаровго милдеттендирилсин, көзөмөлдөө жагын өзүмө аламын.

Төрага : Р. М. Жайнаков